УДК 808.1(=512.154): 37

# ПЛОДОТВОРНЫЕ ИДЕИ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА В ПОЭМЕ "БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ" О ПРОИСХОЖДЕНИИ И СУЩНОСТИ СОЗНАНИЯ, О РОЛИ РАЗУМА И ЗНАНИЯ В ЖИЗНИ ЛЮДЕЙ

***А.К. Эмильбекова***

Рассматривается, как Жусуп Баласагын излагает свое восприятие мира, опирающееся на знание и разум. Он превыше всего ставит знания, с которыми он связывает все человеческие достоинства.

*Ключевые слова:* мыслитель; разум; знания; вечность; достоинства; восприятие мира; сущность; истина.

# PRODUCTIVE IDEAS IN ZHUSUP BALASAGYN'S POEM "BLESSED KNOWLEDGE" ABOUT THE ORIGIN AND ESSENCE OF CONSCIOUSNESS, THE ROLE OF REASON AND KNOWLEDGE IN PEOPLE'S LIVES.

***A.K. Emilbekova***

The article considers as Zhusup Balasagyn expounds his perception of the world, based on knowledge and reason. He puts above all knowledge, with which he connects all human dignityy.

*Keywords:* thinker; reason; knowledge; eternity; dignity; perception of the world; essence; truth.

Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастаны залкар педагогикалык идеяларга жык толгон дидактикалык маанидеги чыгарма. Биз билгендей дидактика – коомдук турмуштун материалдык талаптарына ылайык пайда болуп, өсүп-өнүгүп келе жаткан илим. Адамзат коомчулугу тиричиликтин түрдүү тармактары боюнча турмуштук тажрыйбаларын жана билимдерин акырындык менен илим казынасына жыйнап келген. Мына ушундай улуу казына Жусуп бабабыздын "Куттуу билим" дастанында камтылган. Ал акыл-насаатка жык толгон адеп-ахлак, нарк-насил көйгөйлөрү иликтөөгө алынып, адам баласынын акыл-эси, билими, тулку-турпаты менен рухий жан-дүйнөсүнүн, айткан кеп-сөзү менен кылган ишинин дал келиши коомдук өнүгүштүн зарыл шарты катары көрсөтүлгөн. Ошол эле мезгилде кандай гана доор болбосун, ошол коомдо жашаган адамдарды, өсүп келе жаткан жаш муундарды алга жетелеп, демөөр тутуучу эч качан көөнөрбөс баалуулуктар болуп келген жана боло берет. Андыктан бүгүнкү күндөгү педагогика илиминин өсүп-өнүгүү багыттарын белгилөөдө, жаштарды келечекке карай жетелөөдө ушундай баалуулуктарды издеп табуунун негизинде балдарды тарбиялоонун мааниси зор. Улуу ойчул, таасын тарбиячы Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастанын окуучуларга билим берүүдө, жаш муундарды жашоого тарбиялоодо, алардын ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин өстүрүүдө **тарбия берүүнүн негизги каражаты катары окутуу** изилдөөнүн негизги педагогикалык объектисин түздү. Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастаны кыргыз адабият таануу илиминде 60-жылдан баштап эле изилдене баштаган. Адегенде, дастандын тилдик өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк көңүл бурулуп, кийинчерээк түрк элдеринин ичинен кайсы элге көбүрөөк таандык деген маселенин тегерегинде ой-пикирлерди, көз караштарды айтуу күч алган. Буга алгачкы мисалдар иретинде окумуштуу тилчилер Ү. Асаналиев менен К.Ашыралиевдин "Кутадгу билиг" эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү" аттуу эмгеги [1, 29 бет] менен 1967 жылы 1-январда [2] жарык көргөн илимпоз, профессор К. Артыкбаевдин "Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак" аттуу макаласын атасак болот. Биринчи эмгектеги авторлор "Кутадгу билиг" дастанынын тилин азыркы уйгур, өзбек, кыргыз тилдеринин материалдарына салыштырууда фонетикалык, лексикалык, грамматикалык белгилеринин жакындыгы жана

айырмачылыктары жөнүндө сөз кылышса, ал эми профессор Качкынбай Артыкбаев адабиятыбыздын тарыхын байыркы мезгилдерден баштоону, орто кылымдагы адабий эстеликтерибизди жана көптөгөн акын-ырчылардын чыгармаларын кеңири үйрөнүп, адабиятыбыздын тарыхына киргизүүнү сунуш кылган. Ошондой эле автор “Жусуп Баласагын жана анын “Куттуу билим” дастаны жалпы түрк элдерине таандык орток адабий мурас, бирок анын ичинен **“кыргыз”** элине көбүрөөк таандык” [2] – деген орчундуу көз карашын айткан. Улуу мурасты сактап калган окумуштуу, профессор Качкынбай Артыкбаев Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастаны кыргыздарга гана тиешелүү экендигин далилдеген зор иштери кыргыз элинин сыймыгына айланды.

Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанынын философиялык окуусу бардык илимдер сыяктуу эле педагогика илими менен тыгыз байланышта өнүгөт. Мисалы, философия илими тарбиялоонун максатын жана маңызын аныктоого, ошону менен бирге адамдын турмушун жана ой жүгүртүүсүн жалпы закон ченемдүүлүктөрүн туура аныктоого көмөк берет. Улуу философ Жусуп бабабыздын дастаны өзгөчө адамдын инсанга айлануу процессиндеги аң-сезимдин, акыл-эстин, билимдин түбөлүктүү табияты жана орду боюнча изилдөөлөрдө чоң орун ээлейт. Билим, акыл-эс адам баласынын жан-дүйнөсүн байытып, турмуш-жашоодон өз ордун табууга, табигый, коомдук кубулуштарды туура тааный билүүгө мүмкүндүк берет. Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанындагы дүйнө тааным окуусу адамдын эс-акылын терең изилдеп, адамдардын турмушундагы акыл менен билимдин чексиз мүмкүнчүлүктөрүн таанып-билүү багытында болгон. Бул проблемаларды изилдөөдө Жусуп Баласагын Чыгыш философиясынын тарыхындагы прогрессивдүү ойчулдардын катарына кирген. Ал адам акылын курчап турган дүйнөдөгү ар кандай нерселердин ортосундагы маңыздуу байланыштарды таанып билүүнүн күчтүү каражаты же куралы катары караган. “Куттуу билим” дастаны акыл-эс менен билимдин чексиз мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, таалим-тарбия берип окутууда көптөгөн педагогикалык ыкмалардын жардамы менен изилденүүдө. Аларга окутуунун жаңы технологияларын, окуучулардын чыгармачыл жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуунун технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ жаңыртты. Булардын ичинен мен изилдеп жаткан “Куттуу билим” дастанынын илимий жаңылыгы катары окуучулардын **сынчыл ойломун** өстүрүү программасынын методдорун активдүү колдонсом дейм. Алар аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, окуучунун ишмердүүлүгүн күчөтүү. **Сынчыл ойлом** – бул өз алдынча ой жүгүртүү. Качан сабак сынчыл ойломдун принциптеринде жүргүзүлгөндө гана, ар бир окуучу өзүнүн идеяларын, баасын жана ынанымдарын башкалардыкына көз карандысыз түрдө билдире алат. Демек, ой-жүгүртүү жекече мүнөздө болгондо гана, ал сынчыл ой жүгүртүү боло алат. Окуучулар өз эркиндиги менен ойлонуп, өтө татаал маселелерди да, өз алдынча чечиши үчүн жетишерлик эркиндикке ээ болууга тийиш. Окутуу процесстеринде жекече изденүүчүлүккө, өз оюн түшүнүктүү далилдей билүүгө, берилген маалыматты тез кабыл алып, айтылган ойлорду салыштырууга жана туура жооп бере алууга жана ага тарбияланууга үйрөтүлөт [3, 43, 46 бет].

Мисалы: **“Кластер”** методу. Кластердин мүмкүнчүлүктөрү ар кандай: **“Кластер суроолор менен”** кыскача мисал келтире кетейин. Кластер кандайдыр бир темадагы идеяларды эркин жан бат чогултууга жардам берген педагогикалык стратегия. Ал бат унутулуп кала турган идеяларды графикалык сүрөттөө менен кагаз үстүнө белгилөөгө мүмкүндүк берет. Маселен, дастандагы негизги биз талкуулап жаткан теманы тандап алабыз. Бүгүнкү тандаган темабыз улуу ойчул Жусуп Баласагындын акылды адамдын табигый касиети катары аныктап гана тим болбостон, **акыл-эс кандайдыр бир чектерге ээби, акыл билимден эмнеси менен айырмаланат, акыл жана билим кандайча пайда болушкан** деген конкреттүү философиялык суроолорун талдайбыз. Бул суроо айрыкча чыгарманын баш каарманы Акдилмиштин ой жүгүртүүлөрүндө ачык чагылдырылган. **Акдилмиш** акын-ойчул үчүн **Акыл-эстин** символу же көркөм жалпылоодон жаралган каармандын маңыз-мазмуну аркылуу ал өзүнүн Акыл-эс жөнүндөгү ыраатуу көз карашын тартуулайт. Чыгармадагы ошол суроолорго көңүл бурсак. Башкы каарман Хан Күнтууду Элик, Акыл-эстин ээси Акдилмишке берген суроосу:

**“Билимдүү өз билимин алды кантип ?**
**Окуу менен акылын өстүрдүбү,**
**Болбосо төрөлгөнбү ал билимдүү?”**

Акдилмиштин Күнтууду Эликке айткан жообу:
**Кудайым төрөлгөндө берсе сезим,**
**Окугандан ал ачаар билим көзүн.**
**Окуганда жакшы ойлор болсо жөлөк:**
**Зээни болсо-үйрөнөт, окуй-билет.**
**Билимсиз төрөлгөн жан, окуп-демек,**
**Акыл менен үйрөнүп көпкө жетет** [4, 168 бет].

Хан Күнтууду Эликтин Акдилмишке берген суроосу:

**Акылды сен окуудан айрып бердиң,**
**Айтчы, акылдын милдети кайсы экенин?**
**Акыл кайдан башталып, кайдан чыгат?**
**Акыл качан жетилет? Кайда тынат?**

Акдилмиштин Хан Эликке айткан жообу:
**Акыл-чоң баа, – деди ал – кудай колдойт,**
**Мындан артык энчини эңсеп болбойт.**
**Адамдын бар акылы мээде болот,**
**Асыл нерсе ар дайым башка конот.**
**Акылы адамзаттын бекем кишен,**
**Чындык менен адепти кармап жүргөн.**
**Жакшылыкты бир гана акыл берет,**
**Билимден-урмат, атак кошо келет.**
**Ушул эки сапатта-улуу маани,**
**Жакшылыкка алып барчу багыт дагы** [4, 169 бет].

1. Эми тактага дастандагы үзүндүлөргө берилген суроолорду, сөздөрдү, түшүнүктөрдү жана жоопторду анализдебей жана сындабай туруп жазабыз.
2. Жазууну жүргүзүү процессинде түшүнүктөрдүн ортосунда байланыштар түзүлөт.
3. Жазуу ишине берилген убакыт, же идеялар аягына чейин жүргүзүлөт.
4. Окуучулар жекече жасаган кластер, түгөйү менен талкууланат жана андан кийин бүт топко айтылат.
5. Кластерди келерки иште кантип колдонуу жөнүндө ойлонууга багыт берилет.

Бул методдордун модели башкалардын идеясын өздөштүрүүдөн арылып, изденүү, эмгектенүү жана дискуссиялык мүнөздөгү сын көз караш менен ой жүгүртүп, өз алдынча түшүнүүгө жетишет [3; 48 бет].

Ошентип, билим күнүмдүк тажрыйбанын, билим алуунун, окуу процессинин негизинде пайда болот. Демек, Жусуп бабабыздын негизги дүйнө таанымга болгон көз карашында адамдар дароо эле акылдуу жана окумуштуу болуп төрөлүшпөйт деп баса белгилеген: нáристе дароо эле сүйлөй койбойт, ал сөз сүйлөгөнгө белгилүү бир мезгилдин ичинде үйрөнөт. Билим да ошол сыяктуу эле узакка созулган убакытты талап кылып, көшөргөн окуунун, тарбия билимдин жана күнүмдүк практиканын натыйжасында топтолот. Төмөнкү бейттер айтылган ойлорду тастыктап турат:

**Дагы бир сөз: уулум зирек болсун десең,**
**Жаштайынан окуткун тажабай сен.**
**Ким жашынан көп окуп билим алса,**
**Бойго жетсе тилеги орундалат.**
**Окууда тырышчаактык берет жемиш,**
**Илим-билим – дөөлөткө кенен өрүш** [4; 168 бет].

Жусуп Баласагын адамдар жаратылыш сырларын ачууга жана анын мыйзамдарын коомдун өнүгүшү үчүн пайдаланууга жөндөмдүү деп баса көрсөткөн. Акылды мээнин функциясы, адамдын табигый касиети деп жарыялоо менен Жусуп бабабыз бул жөндөмдүүлүк адамга гана мүнөздүү экендигин белгилеген:

**Адамдын бар акылы мээде болот,**
**Асыл нерсе ар дайым башка конот.**
**Адамды айбандардан айрыйт акыл,**
**Билими артык болсо ошол асыл** [4;169 бет].

Жусуп бабабыз өз замандаштарынын көңүлүн билими жок дүйнөнү таануу эч мүмкүн эместигин, дүйнөнү терең таануу үчүн адам өз билимин системалуу түрдө толуктап туруу зарылдыгына бурган. Адамдын ишмердүүлүгү үчүн маанилүү болгон билим Жусуп Баласагын тарабынан “чырак” (мисалы, чырактын билиги), “ден соолук”, “акыл”, “бакыт”, “кут”, “жан”, “өлбөстүк”, “жарык” маанилеринде чечмеленген:

**Окуу, билим көп нерсеге жеткирет,**
**Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көрөт.**
**Кимде ким окуй билсе, олжо табар,**
**Кимде ким билим алса – бек аталаар.**
**Билимдүү – тирүү, өлүк – билимсиздер,**
**Билимсиз – билимдүүгө теңелип көр.**
**Акыл – чырак, түндөсү сокурга көз,**
**Денеге – жан, үндөбөс дудукка – сөз!**
**Түшүнгүн: караңгы үй – адам деген,**
**Жарык күн ага келет билим менен.**
**Түркөйгө оору, кырсык жакын болот,**
**Дарылан – ансыз өлүм алат тороп** [4, 59, 68, 169, 171, 169 беттер].

Дүйнө тааным улам жаңы билимдерге ээ болуп жүрүп отурат. Жаңы билим дүйнөнүн чексиз сырларын терең таанып билүү процессинде пайда болот, көбөйөт жана адамдын дүйнө тууралуу түшүнүмдөрүн чексиз тереңдетет. Жусуп бабабыздын пикири боюнча инсандын негизги максаты өткөн муундардын бай тажрыйбасын, маданиятын жана тарыхын окуп үйрөнүү, аларды бурмалабай кийинки жаш муундарга өткөрүп берүү болуп саналат. Жаш адамдын интеллектисинин өнүгүү процессиндеги маанилүү этап болуп ага жаш кезинен эле билим берүү эсептелет. Анткени дал ошол мезгилде инсан рухий жана турмуштук күчтөрдүн зор запасына ээ болот. Жусуп ойчулдун пикири боюнча окутуунун, билим берүүнүн ийгилиги адамдын жаш курагына байланыштуу экендигин төмөнкү бейттерден баамдасак болот:

**Дагы бир сөз: уулум зирек болсун десең,**
**Жаштайынан окуткун тажабай сен.**

**Ким жашынан көп окуп билим алса,**
**Бойго жетсе тилеги орундалат** [1, 68 бет].

Жусуп Баласагындын чыгармасында билимди коомдун практикалык кызыкчылыктарына, практикалык ишмердүүлүккө багындыруу максаты коюлган:

**Жеткирдиӊ миӊ-миӊдеген ачылышка,**
**Сага даӊк илим күчү – урмат сага!**
**Өнөргө ээ болосуӊ окуу менен,**
**Аз болсо да билимде пайда кенен.**
**Илим менен кырсык, кемтик түзөлөт,**
**Билим менен эл кыйыры бүтөлөт** [1, 63, 69 беттер].

Билим жана илим адам менен коомдун бакубат жашоосу үчүн зарыл каражат катары түшүндүрүлөт. Билимдин баалуулугу анын практикалык маани-маӊызы, коомдун жыргалчылыгы үчүн аткарган ролу аркылуу илимдин социалдык функциясын төмөнкүчөаныктайт:

**Акылы бар адамдар асыл делет,**
**Билим күчү бектерге өтө керек.**
**Адамдар ар нерсеге жетиш үчүн,**
**Жумшаган колдун күчүн, илим күчүн.**
**Жакшылыкты бир гана акыл берет,**
**Билимден – урмат, атак кошо келет.**
**Элин сүйүп, жакын болсо билимге,**
**Жакшыларды жакын кылаар түбүндө.**
**Бардык ишин шашпай иштеп ойлонуп,**
**Эл башкарат илим, билим колдонуп.**
**Акылына жараша да сый-урмат,**
**Ага төр да, улага да жарашат** [1; 68, 169, 66 беттер].

Жусуп бабабыз агартуучулук идеяларын эл арасында таратуу максатында “Адамдын көркү – билимде” деген тезис аркылуу илимдин баркын көтөргөн, чыгармаларында аны көкөлөтө мактаган. Анын пикири боюнча коомдун ар бир мүчөсү милдеттүү түрдө билим алышы зарыл [5, 60 бет].

Бирок ага карабастан Жусуп акын окууну, билим алууну адамдын акылдуу, даанышман болушунун бирден бир жалгыз шарты, көрөӊгөсү деп эсептебейт. Өзүнө чейинки көп кылымдардын тажрыйбасын жана өзүнүн жеке керт башы баамдаган турмуш сабагынын натыйжаларын эске ала отуруп, автор адамдагы мыкты касиеттердин бири анын акыл-эстүүлүгү деп эсептейт. Акындын тереӊ ишениминде акыл-эстүүлүк сапат катары адамдагы тубаса касиет болуш керек. Тубаса акыл-эси бар адам билим алып, өзүн ар тараптан байытса, кол жеткис мыкты сапаттарга ээ боло тургандыгы талашсыз чындык экенин кайра-кайра баса белгилеп көрсөтөт автор. Акындын бул позициясын эӊ туура экендигинен күмөн санабаса да болот. Ошону менен катар эч билими жок туруп деле акыл-эстүү даанышман адамдардын болушу да мүмкүн экен. Ушу бүгүнкү күндө деле арабызда окуп билим алуунун “түбүнө” жетип, бирок, адамдык касиети анча болбогон адамдарды көп эле жолуктурабыз. Мунун тескерисинче, алган билими болбой туруп, турмуштук университеттен гана сабак алып, бийик адамгерчиликтүү, жүйөлүү, акыл-эстүү, сөзмөр адамдарды кездештирип келебиз [6; 82 бет].

Ошон үчүн Жусуп акын төмөнкү саптарды бекеринен жазбаса керек:

**Акылды карызга эч ким бербейт колго,**
**Акыл-бул жараткандан алган олжо.**
**Адамзат бир акылдан башкаларды,**
**Үйрөнүп окуу менен билим алды.**
**Тагдыр акыл бербесе төрөлгөндө,**
**Тилегине жете албайт андай пенде.**
**“Окуу сага берет билим-парасат,**
**Акыл-эсти кошо албайт карасак.**
**А акыл кудай өзү сага берген**
**Күч алат, тазаланат окуу менен** [4, 159, 160, 168 беттер].

Жусуп акындын бул саптарын окуп отуруп, дагы бир чындыктын бар экендигине ишенүүгө болот. Анча акылы болбогон адам деле көп окуп, көп билүүгө, билим алууга тырышса, кийин өзүнүн оокатын кылып кетүүгө, кандайдыр бир оӊ натыйжаларга ээ болууга, оӊ сапаттардан өзүнө сиӊирип алууга жөндөмү жетерин да атайы эскертип отурат.

Жусуп Баласагындын пикири боюнча акыл-эсти өркүндөтүүнүн ишенимдүү жолу – билим алуу. “Акыл-эске ээ адам – накта адам, ал эми билимге эгедер адам – эл бийлейт” – деп, ойчул баамдагандай билим адам баласынын жан-дүйнөсүнүн бийиктигин, руханий маӊызын аныктаган маанилүү компонент экендигин таасын белгилейт. Бирок, эгерде акыл-эс табигый жөндөмдүүлүк катары адам менен жарык дүйнөгө кошо келсе, билим аракет-эмгекти, окуп-үйрөнүүнү талап кылаарын баяндайт. Акыл-эс билим алуунун адам табияты менен кошо жаралган зарыл шартта, ал эми билим болсо акыл-эстин өнүгүшүн, толукталышынын, көрүнүшүнүн зарыл шарты. Акыл-эс, жан дүйнөнү түбөлүк калтыруунун жолу да билим алууда. Билимге эгедер “акыл-эс адам баласынын айлана-чөйрөнү, өзүнүн инсандык маӊызын аӊдай билүүгө, табиятты таанып билүүгө мүмкүнчүлүк берет, ал эми билимдүү акыл-эс жеткен бийиктик урпактар үчүн үлгү болот, алардын турмуш жолунун улам илгерилешине түрткү болот [7, 227 бет]. Жусуп ойчулдун түшүнүгүндө адам баласы дүйнөдөгү эӊ назик, эӊ татаал жана улуу кубулуш. Ал өзүнүн акылы жана билими менен дүйнөнү өзгөртүп, үлгүлүү, таасирдүү жүрүш-турушу, жакшы сөзү

менен башка адамдарды тарбиялай алат. Ал даанышман, илимдүү, илимпоз адамдар караңгыны жарык кылган шам сыяктуу коомдун мүчөлөрүн караңгыдан жарыкка, билимге үндөгөн эң ардактуу замандаштар, ошол үчүн аларга ар дайым сый-урмат көрсөтүү керек деген ойду төмөнкүчө билдирет:

**Алар чыны ортодо эркеч сымал,**
**Баштаса койду жолго алып чыгар** [4, 357 бет] **–** деп образдуу түрдө элестетет.

**Мындан башка дагы бар жылдыз санар,**
**Так эсепке, санакка мыкты алар.**
**Жыл, ай, күндүн эсебин алар билет,**
**Мындай эсеп эң зарыл, баалоо керек.**
**Алгебра жолдорун даана тапкын,**
**Евклиддин капкасын катуу каккын** [4; 360 бет].

Мына ушундай акылы тунук, сезимтал ойчул Жусуп Баласагын таанып-билүүнүн татаалдыгын кылдат туя билип, аны чексиз, түпсүз деңиз менен салыштырган. Акыл-эске ээ болгон ар бир адам билим алуу менен жан дүйнөсүн тазартат, мындай адамдардын нарк-насили агарып, өмүрү өзгөлөргө үлгү болот. Улуу ойчулдун философиялык окуусунун негизин түзгөн дүйнө тааным теориясы анык-тап, далилдеп тургандай: **“Адамдагы эң жакшы нерсе – бул анын акылы жана билими”,** – деп таасын баамдаган Жусуп Баласагындын баа жеткис акыл кенчи кылым карытып жашай берет.

***Колдонулган адабияттар***

1. *Асаналиев Ү.* “Кутадгу билиг” эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү / Ү. Асаналиев, К. Ашыралиев. Фрунзе: Илим, 1965, 29 бет.
2. *Артыкбаев К.* Адабияттын алгачкы башатында / Артыкбаев. Фрунзе, 1967, 1-январь. Кыргыз маданияты.
3. *Тагаева З.* Кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти окутуу / З. Тагаева. Ош: ОшМУ, 2008.
4. *Жусуп Баласагын.* Куттуу билим / Жусуп Баласагын. М., 1993.
5. *Алиева Н.К.* Жусуп Баласагындын онтологиялык жана гносеологиялык көз караштары / Н.К. Алиева. Бишкек, 2005.
6. *Качкынбай А.* Кутадгу билиг / А. Качкынбай. Бишкек, 2004.
7. *Аскар Абдыкадыр Бекбо.* Квиетизмден – Гуманизмге / Аскар Абдыкадыр Бекбо. Бишкек, 2004.